**«Бекитемин»**
Ош мамлекеттик университетинин
илимий иштер боюнча проректору,
ф-м.и.к., доцент Арапбаев Руслан
Нурмаматович
______________________
«___»______________2023-жыл

Ажибекова Айзада Токтогуловнанын "**Математика курсу боюнча окуу методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)**" аттуу 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынан алынган илимий жыйынтыктардын ишке ашырылышы тууралуу

# А К Т

**Комиссиянын курамы**:

**Комиссиянын төрайымы:** Ош мамлекеттик университетинин "Билим" лицейинин директору Ж.М. Болушева

**Мүчөлөрү:** окуу бөлүмүнүн башчысы Азилбек уулу Истанбек, математика жана физика секциясынын башчысы Н.К. Каныбекова, математика мугалими С. Таабалдыев.

**Катчысы:** Мухамеджан кызы А.

Ош мамлекеттик университетинин «Математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент» кафедрасынын изденүүчүсү Ажибекова Айзада Токтогуловнанын «**Математика курсу боюнча окуу методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)»** аттуу темадагы жазган диссертациялык ишинин жыйынтыктарынын Билим лицейинин 9-классынын окуучуларына алгебраны окутуу процессинде колдонулушу боюнча комиссия төмөндөгүлөрдү белгилейт.

2016-2023-жылдар арасында А.Т. Ажибекова аталган мектептин 9-классынын окуучуларына алгебра сабактарын окутуу менен ачык сабактардын иштелмелерин эксперимент катары жүргүзүп келди. Алгебра сабагындагы проблемалар боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуу-методикалык комплекстерин түзүүнүн жана колдонуунун теориялык жана практикалык маанисин аныктап берди. 9-класстын алгебра курсунун предметтик стандартына, окуу китептерине жана окуу-методикалык колдонмолоруна талдоо жүргүзүлүп, окуучуларды дифференцирлеп окутууга багытталып түзүлгөн окуу-методикалык комплекси жана аны ишке ашыруунун методикасын пайдаланды. Иштелип чыккан 9-класстын алгебрасы

боюнча окуу-методикалык комплексин окуу процессинде колдонуунун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүүнүн жыйынтыктарын алды жана А.Т. Ажибекова тарабынан сунушталган окуу-методикалык комплексти пайдалануу эффективдүүлүгүн көрсөттү.

Эксперименттик изилдөөлөргө 5 мугалим жана 46 окуучу катышты.

Комиссия мүчөлөрү А. Т. Ажибекованын изилдөө иштеринин жыйынтыктарын сабактарда колдонууга татыктуу деп белгилейт.

Комиссиянын төрайымы
"Билим" лицейинин директору: Болушева Ж.М.

Комиссиянын катчысы: Мухамеджан кызы А.